**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.23.675 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК 370:370.153.4:154.3

**ШАТМАНАЛИЕВ БОЛОТБЕК АМАНОВИЧ**

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН БАШКАРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы

**педагогика илимдеринин кандидаты**

**даражасын алуу үчүн диссертациясынын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич**
педагогика илимдеринин доктору, Эл аралык Кувейт университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Беркимбаев Камалбек Мейирбекович**
педагогика илимдеринин доктору, Х. А. Ясави атындагы Казак-Түрк эл аралык университетинин компьютердик инженерия кафедрасынын профессору

**Нусупова Роза Сарыпбековна**
педагогика илимдеринин кандидаты, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башкаруунун автоматташтырылган системасы кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Казак улуттук кыз-келиндер педагогикалык университетинин кесиптик билим берүү кафедрасы (090000, Алматы ш., Гоголь көч., 114 к1, Казахстан Республикасы)

Диссертациялык ишти коргоо 2025-жылдын 14-майында саат 15:30да И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңештин отурумунда өтөт. Дареги: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51. Онлайн трансляциялоонун идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/132-thj-f5m-fjd

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан жана http://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 14-апрелинде аркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин доктору, доцент** **А. К. Чалданбаева**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиясында орто кесиптик билим берүү системасын натыйжалуу башкаруунун жетишсиздиги белгиленген, кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча тишелүү талаптар коюлган. Анда республикадагы жумушка жарамдуу калктын 1,5 миллионго жакыны, тактап айтканда 64% эч кандай кесиптик билимге ээ болбогундугу жана аталган көрсөткүч кесиптик билим берүү системасын модернизациялоо боюнча тиешелүү милдеттер коюлган.

Кыргыз Республикасынын 2021-2040-жылдар аралыгында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында *орто кесиптик билим берүүдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, эмгек рыногунун жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына мобилдүү жооп берген системаны, финансылык ресурстарды эффективдүү пайдалануу, түзүү сыяктуу маселелер* белгиленген. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүчү уюмдары жөнүндөгү КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 425-токтому дагы орто кесиптик окуу жайлардын башкаруу проблемасы негизги бөлүмдөрдүн биринде бөлүнүп, жобосунда көрсөтүлгөн.

Орто кесиптик окуу жайлардагы укуктук нормативдик талаптар гана өзгөрбөстөн, таалим-тарбия берүү процесси, уюштуруу, башкаруу иштери да функционалдык жагынан да өзгөрүп, алар көп профилдүү билим берүүчү тармак катары калыптанууда. Буга байланыштуу окуу программаларынын окуу-тарбия иштеринин мазмуну, формалары да өзгөрүүгө дуушар болуп, инсандын өнүгүүсүнө багыт алган билим берүү процесстери жүрүүдө. Көптөгөн орто кесиптик окуу жайлары колледж формасында уюштуруулуп же аталган типтеги окуу жайларга өзгөртүү аракеттери, окуу программаларын өзгөртүүгө, уюштурууга жана башкаруу иштерине жаңы талаптарды коюуга алып келди.

Жаңы типтеги орто окуу жайларды ачуу маселеси тиешелүү деңгээлде даярдалган укуктук-нормативдик, теориялык базага негизделип, методологиялык, психологиялык-педагогикалык, башкаруу багыттары боюнча терең изилдениши зарыл. Ошондуктан жаңы типтеги орто кесиптик окуу жайларды ачуу, окуу-тарбия иштерин уюштуруу, ар тараптуу даярдоо, концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси азыркы учурда актуалдуу бойдон калууда.

Ошондой эле окуу жайлардагы башкаруунун формаларынын өзгөрүшү, мамлекеттик жана жеке менчик болуп бөлүнүшү жана башка процесстер азыркы шартта орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнү жана изилдөөнү талап кылууда.

Аталган проблема орто кесиптик билим берүү окуу жайлар системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин иштеп чыгуучу, анын педагогикалык шарттарын аныктоочу маселесинин актуалдуулугу артып турган кез.

Кесиптик билим берүү жана аларды башкаруу проблемалары боюнча Б.А. Абдыкаримов, Г.Б.Абакирова, А.А.Исабеков, А.А.Токтосунов, Э.А.Касымбеков, Ж.К.Каниметов, В.Л.Ким, В.И. Блинов, В.А. Болотов, Г.Д Бухарова, Г.И.

Ибрагимов, А.С.Раимкулова сыяктуу кыргызстандык жана чет мамлекеттик окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Жаңы коомдук-экономикалык шарттардагы орто кесиптик окуу жайлардын калыптанышы жана алардын өнүгүү багыттары боюнча Р.Ш.Айылчиев, Н.А. Асипова, Ч.Ш.Жакыпова, А.О. Окишев, Б.А.Нурунбетов, А.Т.Токтогулов, Ж.Тойгомбаев, И.К.Касендеев, И.А.Сейтешов, Б.У.Урстамбеков сыяктуу кыргызстандык окумуштуулар изилдөөчүлөрдү жүргүзүшкөн. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу процессин башкаруунун инновациялык-педагогикалык шарттарын аныктоо боюнча изилдөө ишин М.А.Мураталиева жүргүзгөн. Д.К.Төрөбаева орто кесиптик медициналык билим берүү окуу жайындагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин изилдөөгө алган. Жогоруда айтылган окумуштуулардын эмгектери көрсөтүп тургандай, биринчиден, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүдөгү жана окуу-тарбия процессин башкаруунун абалын сапаттык жактан талдоого; экинчиден, бул тармактагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоого; үчүнчүдөн орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбия процессин башкаруу менен орто кесипкөй адистерди даярдоодогу алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүүгө арналган илимий эмгектер сейрек кездешет.

Натыйжада, орто кесиптик окуу жайлар окуу-тарбия процессин башкаруунун сапаттык менеджменти менен байланышкан педагогикалык шарттары жетишээрлик деңгээлде изилденген эмес, муну төмөнкү карама-каршылыктар да далилдеп турат.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселелерине жүргүзүлгөн анализ төмөндөгүдөй **карама-каршылыктарды** аныктоого мүмкүндүк берди:

- орто кесиптик окуу жайлардагы окуу, таалим-тарбия берүүнүн мазмуну, маңызы, методдорунун жана формаларынын өзгөрүлүп жаткандыгы менен бул процесстерди башкаруунун методологиясынын жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы;
- өз кесибине дасыккан, кесиптик функцияларын натыйжалуу аткара алган адистердин коом тарабынан талап кылынып жатышы менен бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктар;
- окуу-тарбия процессин башкаруу ишин уюштуруунун формаларын өнүктүрүүнүн чоң мааниге ээ болуп жаткандыгы менен мындай башкаруулардын бирдиктүү концепциясынын жоктугу жана илимий жактан негизделбегендиги аларды практикага киргизүү боюнча алдыңкы тажрыйбалардын жетишсиздиги;
- жетекчилердин, окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүнө карай коюлуп жаткан талаптар менен ал талаптарды ишке ашыруу үчүн педагогикалык, психологиялык жана башкаруу компетенттүүлүгүнүн жана жөндөмдөрүнүн дал келбестиги;
- орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия, уюштуруу, башкаруу иштеринин жаңы типтеги уюмдардин стандарттардын талаптарын аткарууга багыт алган бирдиктүу окуу процесстеринин жүрүп жаткандыгы менен окуу жайлардагы окуу-тарбия ишмердүүлүгүн башкаруу, уюштуруу иштеринин

замандын талабына жараша иштелип чыкпагандыгы.

Ошентип, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнүн илимий жактан негиздеген технологиялардын зарылдыгы шарттады. Педагогикалык шарттардын изилденбегендиги, башкаруу ишмердүүлүгү менен байланышкан окуу процессин башкаруунун негизинде студенттердин калыптанышы, өзүн-өзү текшерүү, өзүн-өзү уюштуруу маселелери чыгуу маселесинин курчтугу, актуалдуулугу ушул иштин темасын тандап алууну шарттады.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий программалар жана илимий долбоорлор менен байланышы.** Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин багытына тематикалык пландары, университеттин илимий-изилдөө иштеринин багыты менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты**: орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун өнүктүрүүнүн өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарын, илимий-методикалык негизде аныктоо, педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Илимий-методологиялык негиздерин жана аны практикага киргизүүгө өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1) Орто кесиптик окуу жайларынын учурдагы абалына талдоо жүргүзүү, окутуу процессин башкаруунун өнүгүшү, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

2) Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгуу, аны ишке ашыруунун принциптерин, өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо;

3) Иштелип чыккан моделди практикалык ишке киргизүүгө өбөлгө түзүүчү колледждин окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун экспериментте текшерүү.

**Иштин илимий жаңылыгы** төмөнкүдөй:

1) орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмуну, функциялары жаңы билим берүү парадигмасынын негизинде такталды жана аны компьютердик каражаттарды пайланууну менен натыйжалуу уюштуруунун критерийлери аныкталды;

2) тез өзгөрүлүп жаткан коомдук-экономикалык шарттарда орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн негизги багыттары, маселелери алгачкы жолу каралып, факторлору айкындалгандыгында;

3) орто окуу кесиптик жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууда компьютердик программаларды, маалымат технологияларын натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу принциптери каралып, анын негизинде орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыккандыгында;

4) аныкталган педагогикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди, аларды орто кесиптик билим берүү

уюмунун окуу-тарбия иштерине киргизүү боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Алынган **натыйжалардын практикалык мааниси** болуп төмөнкүлөр саналат: орто кесиптик окуу жайлардагы окуу жана тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери, функциялары, субъекттери боюнча методикалык сунуштар, билим берүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыкты жана алардын натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди, аларды ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар каралды; колледждин окуу жана тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруу функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө инструменттери киргизилди, аны башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар колдоно алышат.

Коргоо үчүн берилген **диссертациянын негизги жоболору:**

1. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин натыйжалуу башкарууга коомдук системалык башкаруу менен жеке инсандык жана жетекчилике, окутуучуларга, студенттерге коюлган башкаруу талаптарына байланышкан факторлор таасирин тийгизет. Окуу-тарбия процессин башкаруу, анын бардык компоненттеринин, субъектеринин бирдиктүү иштешин камсыз кылган башкаруу технологиясын жана татаал системалуу практикалык ишмердүүлүктү өзүнө камтыйт.

2. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели гуманисттик, демократиялык, илимий, системалык, оптималдуулук, ийкемдүүлүк принциптеринин негизинде түзүлөт жана аны ишке киргизүү ушул принциптерди камтыган педагогикалык шарттарды аткарууну талап кылат. Учурда окуу-тарбия структуралык кызматтарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү инновациялык башкаруу формаларын жаңы маалымат технологиялары менен айкалыштырып жогорку деңгээлде пайдаланууга тыгыз байланыштуу.

3. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруу моделин натыйжалуу ишке ашыруу педагогикалык шарттарды түзүүнү талап кылат: - окуу-тарбия процессин башкарууну уюштуруу моделин жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; - окуу-тарбия процессине компьютердик программаларды киргизүү; - окуу жайдын педагогдорунун адистигинин өсүшүнө педагогикалык, уюштуруу жагынан өбөлгө түзүү.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы**. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууга байланыштуу негизги түшүнүктөрдү аныктоо менен, башкаруу системасынын натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттары, ага байланыштуу план, моделдери каралып, педагогикалык экспериментте тастыкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган методикалык материалдар талданып, сунуштар иштелип чыгып, практикага киргизилди. Мындан тышкары, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкарууга багытталган окуу-методикалык программа жана аны практикаг киргизүүнүн механизмдери сунушталды.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо**. Диссертациялык иштин негизги корутундулары жана жыйынтыктарын камтыган билдирүүлөр илимий-методикалык жыйындарда, республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда жасалган. Мисалы: И.Арабаев атындагы КМУнун эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларында (2019-2022-жж.); "XII Глобалдык илим жана инновация" эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Астана ш., Казахстан, 2021-ж.), VII илимий практикалык конференция (Казань ш., РФ, 2021-ж.) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Изилдөөнүн негизги натыйжалары жарыяланган 26 эмгекте чагылдырылган, алардын ичинен 12 макала РИНЦте импакт-фактору бар илимий журналдарда, калгандары илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын жыйнактарында жана атайын окуу-методологиялык каражаты катарында басмадан чыгарылган.

**Диссертациянын структурасы**, ырааттуулугу, анын көлөмү, изилдөөнүн максат, милдеттерине жетүү логикасы менен аныкталды. Диссертация кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан турат, ошондой эле 255 аталыштагы адабияттар, таблицалар, сүрөттөр пайдаланылды. Иш 181 барак текст жана тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунушталган жоболор, аткарылган ишке изденүүчүнүн кошкон жеке салымы жана анын ишинин басылмаларда жарыяланышы, диссертациялык иштин түзүлүшү, көлөмү көрсөтүлгөн.

**Биринчи глава «Орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессин башкарууну өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү»** деп аталып, анда изилдөөнүн теориялык негиздерин калыптандыруу, илимий эмгектерди анализге алуу, Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүүнүн абалын тактоо, орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессинде башкарууну өркүндөтүүнү педагогикалык проблема катары изилдөө сыяктуу коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган.

Биринчи параграфта **«Орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессинде башкарууну өркүндөтүү педагогикалык проблема катары»** тема боюнча расмий документтерди, илимий эмгектерди, документалдык материалдарды жана илимий-методикалык булактарды талдоо аркылуу «кесип», «башкаруу», «окуу-тарбия процесси», «орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессин башкаруу» сыяктуу негизги категория, түшүнүктөр такталып, изилденип жаткан багытта маселенин теориялык өнүгүшү, абалы, келечектүү өнүгүү тенденциялары каралган.

Жалпысынан илимий изилдөөлөргө таянып, теориялык-методологиялык өңүттө негизги түшүнүктөрдү эске алуу менен окуу-тарбия процессин - студенттердин системалуу түрдө билим алуусуна, кесиптик көндүм, жөндөмдөрдү, дүйнө таанымдык түшүнүктөрдү жана адеп-ахлактык сапаттарды

өздөштүрүүсүнө, инсандык касиетти калыптандырууга багытталган таанып-билүү ишмердүүлүгү катары карасак болот, - деп мүнөздөлөт. Автор изилдөөдө белгилегендей, окуу-тарбия процессинде анын субъекттери (окутуучу) да, объекттери (студент) да өзгөчө орунду ээлейт.

Темага тиешеси бар концепцияларга, аныктамаларга, түшүнүктөргө таянуу менен автор тарабынан төмөнкү аныктама сунушталды: окуу-тарбия процессин башкарууну - окутуучу жана студенттин максаттуу түрдө атайын багытталган, өз ара таасир тийгизүүчү ишмердүүлүгүндөгү окуу-педагогикалык кырдаалды (ситуацияны) долбоорлоо, алдын алуу, туура, пландалган жыйынтыктарга жетүү жана аны мотивациялык, рефлексивдүү каражаттар менен камсыз кылуу катары да түшүнүүгө болот.

Иште бул аныктамасынын негизинде окуу-тарбия процессинин субъекттери ээ болууга тийиш болгон негизги ишмердүүлүк багыттарды, көндүмдөрдү бөлүп көрсөтүүгө көңүл бурулду.

Орто кесиптик окуу жайларында окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин изилдеген окумуштуулардын эмгектери менен катар эле колледжде окуу жана тарбия процессинин башкаруу системасынын өнүгүү проблемалары да каралат. Бирок, тема боюнча жазылган ар кандай диссертациялык иштерди анализ кылгандан кийин, аларда бири биринен көчүрүп алуу, материалдардын эскириши, локалдык же тескерисинче глобалдык маселелерге басым жасоо сыяктуу мүчүлүштүктөр бар экени белгилүү болду. Демек, орто кесиптик билим берүү системасынын учурдагы абалын, окуу-тарбия процессин башкаруу иш-тажрыйбаларын айкалыштыруу чеберчилигин анализдеп чыгуу менен орто кесиптик билим берүү окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруудагы адистерге коюлган талаптар боюнча терең изилдөөлөр жүргүзүлө электиги маалым болду.

Нормативдик жана илимий-практикалык адабияттарды талдоо көрсөткөндөй орто кесиптик окуу жайын башкаруу процессинде орто кесиптик билим берүүнүн мазмунун калыптандыруунун төмөнкүдөй ырааттуулугун камсыз кылуу зарыл: кесиптик ишмердүүлүктүн мазмуну; профессионалдык багыттагы милдеттердин комплексинин мазмуну; кесипти өздөштүрүүгө багытталган маалыматтык камсыздоонун мазмуну; адистин билимине болгон талаптардын мазмуну. Адистердин кесип алгандан кийинки ишинин жана кесиптик даярдыгынын өз ара байланыштуу моделдерин иштеп чыгуу жана салыштыруу-билим берүүнүн, окутуунун мазмунун калыптандыруудагы туура жол катары саналат.

Орто билим берүү уюмунда окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүдө орто кесиптик билим берүү тармагындагы мамлекеттик билим берүү стандартын гумандаштыруу, билим берүүнүн жана башкаруунун сапатын жогорулатуу сыяктуу бир катар функцияларын белгилеп кетүүгө болот. Ошондой эле, өркундөтүү багытында төмөнкү иш-чаралардын да зарылчылыгы бар: билим берүү программаларынын мазмунун аныктоого иш берүүчүлөрдү тартуу, билим берүүдөгү компетенттүүлүк парадигмасынын негизинде билим берүү стандарттарын, анын негизинде окуу программаларынын мазмунун жакшыртуу жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышына, орто кесиптик билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү; - орто кесиптик билим берүү уюмдарында окуу процессин камсыз кылууда жана башкарууда уюштуруу-методикалык, окуу-методикалык жактан камсыздоону жакшыртуу жана бул процессти студенттерди кабыл алууда эмгек рыногунун керектөөлөрүн изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтарга негиздөө; - орто кесиптик билим берүү системасында башкаруу процессин модернизациялоонун максаты – ар бир функционалдык түзүмдүн компетенциялары жана милдеттерин, орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү саясаты үчүн жоопкерчилигин аныктоого тийиш болгон оптималдуу моделди түзүү болсо, анда ал кадрларды даярдоонун сапатын камсыз кылууга шарт түзгөн окуу-тарбия процессин башкарууну жакшыртууга, иш берүүчүлөр менен натыйжалуу байланышты түзүүгө, коомдун керектөөлөрүн эске алууга да багытталышы зарыл; кесиптик билим берүүнүн сапатын көз карандысыз баалоо системасын өнүктүрүү жана ушул максатта сертификациялоо, валидациялоо жана көз карандысыз аккредитациялоо; орто кесиптик билим берүүнү эл аралык интеграциялоо, экспортко иштешин камсыздоо, финансылык ресурстарды эффективдүү колдонуу; натыйжага багытталган билим берүүнү башкаруу, мониторингдин маалыматтарына негизделген чечимдерди кабыл алуу, келечектеги тенденцияларды эске алуу менен билим берүү системасындагы өзгөрүүлөрдү долбоорлоо; орто кесиптик билим берүү уюмдарын башкаруунун түзүмүн оптималдаштыруу үчүн системалуу функционалдык талдоо багытындагы ишмердүүлүктүн деңгээлин көтөрүү.

Экинчи параграфта **«Орто кесиптик билим берүү системасынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн ретроспективалык анализи»** орто кесиптик билим берүү уюмдарынын калыптанышына ретроспективалык анализ жасалып, мурдагы калыптануу тарыхый тажрыйбасы жана азыркы инновациялык жаңылануулардын натыйжасында түзүлгөн абал ар тараптан изилдөөгө муктаж экендиги белгиленет. Мындай анализдин жана өткөн доордогу тажрыйбаны изилдөөнүн келечектүү багыттарды, окуу-тарбиялык технологияларды, методдорду аныктоодо мааниси зор. орто кесиптик билим берүүдөгү окуу процессин башкаруу маселесин тарыхый контекстте изилдөө милдети коюлуп, орто кесиптик билим берүү тармагынын маселелерин чет элдик жана Кыргызстандык окумуштуулар тарабынан каралгандыгына орун берилет. Илимий теориялык эмгектер менен катар эле коюлган милдеттерди чечүүдө илимий-методикалык адабий булактар, КР «Билим берүү жөнүндө» кабыл алынган Мыйзамы, КР билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялары жана концепциялары, орто кесиптик окуу жайларынын мамлекеттик стандарттары, нормативдик документтер, ж.б. талданган.

Кыргызстандын орто кесиптик билим берүү системасынын өнүгүшүнүн социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү тууралуу Ч.Б.Исакованын, колледждеги студенттерге үзгүлтүксүз билим берүү аркылуу базар экономикасынын шартына ылайык квалификациялуу адистерди кесипке даярдоону уюштуруунун жалпы педагогикалык шарттарын аныктоо боюнча К. Жакшылыкованын, орто кесиптик

окуу жайда окуу процессин инновациялык башкаруунун педагогикалык шарттары боюнча М.А.Мураталиеванын жүргүзүлгөн изилдөөлөрү каралып, анализденген. Бирок, аталган эмгектердин мүчүлүштөрү (мисалы, М.А.Мураталиева «Колледжди инновациялык башкаруунун педагогикалык негиздери менеджменттик негизде» аттуу диссертациясында маселени абдан жалпылаштырып, функционалдык структуралык түшүнүктөрдү пайдаланылуу менен темасын ачып берүүгө аракет кылат) болгон менен, ошондой эле биздин темага түз тиешеси болбосо да темага байланыштуу маселелердин кандайдыр бир өңүтүн талдоодо аны толугураак кароого өбөлгө болду.

Кыргызстанда орто кесиптик билим берүүнүн калыптанышы, кийин базар экономикасына өтүү шартындагы орто кесиптик окуу жайлардагы адистерди даярдоо проблемалары окумуштуулар Ш.Х.Шириязданов, Ж.Тойгомбаев, И.К.Касендеев, И.А.Сейтешов, Б.У.Урстамбеков, Р.Ш.Айылчиев, А.О.Окишев, Ч.Ш.Жакыпова ж.б. эмгектери жарыяланып, изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Аталган авторлор изилдөөлөрүндө орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын түзүлүшү, алгачкы этаптагы анын курамынын сандык жана сапаттык жактан өзгөрүүлөрү, өлкөнүн өнөр жайлары үчүн адистештирилген жумушчу кадрларды даярдоодогу ийгиликтерин белгилешкен.

Илимий-педагогикалык багыттагы окумуштуулардын эмгектери биринчиден, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүү процессин башкаруудагы абалды талдоого; экинчиден, рынок шартындагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоого; үчүнчүдөн, орто кесиптик билим берүү процессин башкаруунун инновациялык жолдорун анын кесипкөй адистерди даярдоодогу алдыңкы тажрыйбаларын практикага киргизүүгө ж.б. арналган.

Учурда орто кесиптик билим берүүнүн ролу кескин өзгөрдү, анткени алар ЖОЖдорго караганда кыска мөөнөттө талап кылынган кесиптик компетенцияларды бере алат. Өзгөчө жогорку окуу жайларга караган мамлекеттик колледждердин бүтүрүүчүлөрүн окууга даярдоо жана билим алуусун андан ары улантууга багытталган программалардын алардын эмгек рыногуна, аны менен бирге өлкөнүн өнүгүшүнө тийгизген таасири олуттуу. Бардык колледждерде иш берүүчүлөр менен макулдашылган дипломдук долбоорлорду милдеттүү жактоо киргизилди. Бул бүтүрүүчүлөрдүн практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берет. Оото окуу жайлар билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун үстүндө системалуу иш алып барууну башташты. Ошондой болсо да жетиштүү практикалык даярдык жана иш тажрыйбасынын жоктугунан улам ишке орношуу боюнча көйгөйдүн курчтугу, орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия сапатынын төмөндүгү, бүтүрүүчүлөрүнүн эл аралык атаандаштыкка жөндөмсүздүгү сыяктуу көптөгөн курч маселелер бар.

Үчүнчү параграф «**Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялоо процессин башкарууда өзгөчөлүктөрдү аныктоо жана компьютердик, маалыматтык каражаттарды колдонуу**» деп аталып, анда орто кесиптик окуу жайларында, окуу-тарбия процессинин башкаруунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан талдоого алган окумуштуулардын эмгектери каралып, орто билим берүү уюмдарындагы окуу процессин башкаруу социалдык

мүнөзгө ээ болоору да белгиленет. Билим берүү уюмундагы окуу-тарбия иштерин башкаруу процессин мындай концепциянын алкагында кароо анын мазмунун ачууга мүмкүндүк берген багыттарды, шарттарды, субъекттердин ордун, милдеттерин тактоого мүмкүнчүлүк берди.

Педагогика илиминде жана практикада окуу-тарбия процессин менеджмент илиминин позициясында терең түшүнүк менен карап чыгууга, ага илимий жактан негизделген мүнөз берүүгө умтулуу ачык байкалат. Көптөгөн изилдөөчүлөр техникалык, өндүрүштүк процесстерди башкаруу менеджменти ал тармактарда эле эмес, татаал социалдык системалар тармагында, анын ичинде педагогикалык багытында да пайдалануу реалдуу жана зарыл деп ырасташат. Билим берүү тармагын башкаруу жалпы социалдык (коомдук) системаны, уюмдарды башкаруу теориясынын бөлүгү катары каралууда. Себеби окуу уюмдары да коомдук системанын бир бөлүгү катары эсептелет.

Эл аралык ISO 9001:2015 сапат стандартынын талаптарына жооп берүүчү орто кесиптик окуу жайларда сапат менеджменти иштеп баштады. Окуу жайлар билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун үстүндө системалуу иш алып барууда. Ошондой болсо да, орто кесиптик окуу жайларда көптөгөн жаштар орто кесиптик окуу жайларда окуунун ордуна кыска мөөнөттүү курстарды бүтүрүүнү жана тез иштеп баштоону артык көрүшөт. Жетиштүү практикалык даярдык жана иш тажрыйбасынын жоктугунан улам ишке орношуу боюнча көйгөйлөр көп. Орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия процессинин сапатынын төмөндүгү, алардын көпчүлүгү эл аралык ISO сапат стандарттары менен иш алып бара албагандыгы, билим берүүгө коюлган талаптарды жогорулатууну бүтүрүүчүлөрдүн эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүү болушун талап кылат.

Окуу жайлардагы окуу-тарбия процесстерин башкаруу ушул багыттагы жалпы теориялык тармактарга салыштырганда өзүнчө айырмачылыктары болгон менен алардагы методологиялык база бир негизге ээ. Жалпысынан орто кесиптик билим берүүнүн учурдагы башкаруу структурасы кесип ээлерин даярдоонун профессионалдык багытын, жумуш берүүчү уюмдарын, ишканалардын кызыкчылыктарын чагылдырган окуу планынын туруктуу жана вариативтүү бөлүктөрүн эске алуу менен түзүлөт. Мында, тагыраак айтканда, анын натыйжалуу иштешин жана структуралык байланыштардын бекемдигин камсыз кылууда, сөзсүз азыркы учурдун башка талабы болгон – санариптештирүү, компьютердик програмаларды пайдалануу иштери уюштурулууга тийиш.

Ушул ишти ишке ашыруу багытында орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессинин башкарууга жана уюштурууга тиешелүү документтерди, укуктук-нормативдик актыларды талдоо аларда мурдатан калыптанган окутуу салттарына, регламенттерге, көрсөтмөлөргө жана окуу-тарбия процессин компьютердештирүүдө ресурстардын аздыгына байланыштуу тоскоолдуктар бар экенин көрсөттү. Окуу-тарбия процессинин башкарууда маалыматтык технологияларды жана компьютердик программаларды пайдалануунун тажырыйбасы көрсөткөндөй, алар аркылуу педагогикалык системаны автоматташтыруу (техникалык жана программалык каражаттар) орто кесиптик окуу жайды башкаруунун абдан келечектүү багыттарынын бири болуп саналат.

Окуу-тарбия процессинин башкарууда интернетти, компьютердик программаларды пайдаланууга болгон системалык түшүнүк аларды колдонууну рационалдаштыруунун жана бул процессти уюштуруунун натыйжалуулугунун критерийлерин иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

Ошондой эле, орто кесиптик окуу уюмунда окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчгөлүгүн аныктаган бир катар педагогикалык шарттар каралды: - студенттин кесиптик деңгээлинин жана инсандык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлорду аныктоонун жана эске алуунун негизинде билим берүү процессин интернетти, компьютердик технологияларды колдонуу менен системалуу уюштуруу; - окуу-тарбия процессинин бардык субъекттерин камтыган биргелешип башкаруу принцибине негизделиши; - окуу-тарбия процессине жана аны башкаруу системасына окуу-тарбия субъекттеринин максималдуу санын киргизүү, жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен алардын биргелешкен чыгармачылык ишинин жүрүшүн камсыз кылуу ж.б.

**Экинчи глава "Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин башкарууну изилдөөнүн методологиялык материалдары жана негиздери"** деп аталып, изилдөөбүздүн милдеттеринин аткарылышы, изилдөөнүн концептуалдык багыттары, методдору чагылдырылды. Биринчи параграфында изилдөөдөдөгү методологиялык негиздер - таанып билүү теориясы, окуу-тарбия процессин башкаруунун инсанга багытталган методдору, компетенттүүлүк, жетекчилик кылган инсандын функционалдык милдеттери, карьералык өсүү ишмердүүлүгү, теория менен практиканын биримдиги жөнүндө идеялар каралды.

Орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбиялык процессин башкаруу багытын изилдөө жүргүзгөн бул бөлүмдө жетекчилердин башкаруу ишинин принциптери, алардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү такталды; орто кесиптик билим берүү окуу жайларындагы педагогикалык курамын башкаруу мүмкүнчүлүгү ошол окуу жайлардын ишмердүүлүгү, окуу процессин башкаруу системасынын негизги субъекттиси болгон директордун ишмердүүлүк багыттары менен тыгыз байланышта болоору белгиленип, орто окуу жайларында билим берүү процессин башкаруу системасын өркүндөтүү жолдору каралды.

Билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин башкаруу стилинин педагогикалык таасирин аныктоочу эң маанилүү шарттар жана орто кесиптик окуу жайлардын жетекчилеринин башкаруу ишинин негизги принциптери диссертацияда талдоого алынды.

Изилдөөлөрдүн негизинде окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын негизги субъектти катары орто кесиптик окуу жайынын директоруна жана окуу, тарбия иштери боюнча орун басарларына карата талаптар аныкталды жана алар диссертациялык иштин 84-86-90, 177-беттеринде берилди.

Азыркы учурда орто кесиптик билим берүү системасын өнүктүрүүнүн алдыңкы багыттарынын бири комплекстүү билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү катары гуманисттик принциптерге негизделген билим берүүнү өркүндөтүү болуп саналат. Педагогикалык системаларды башкаруу принциптеринин кыскача мүнөздөмөлөрү каралып таблицада берилди.

***Таблица 1. Педагогикалык системаларды башкаруу принциптеринин кыскача мүнөздөмөлөрү***

| Башкаруу принциптери | Кыскача мүнөздөмөлөрү |
|---|---|
| Окуу-тарбия процессин башкаруунун демократиялаштыруу жана гумандаштыруу принциптери | Мындай принципти педагогикалык системаларды башкаруу ишмердүүлүгүндө колдонуу үчүн окуу жайдын жетекчилеринин гана эмес, окуу-тарбия берүү процессинин бардык катышуучуларынын: окутуучулардын, педагогдордун, студенттердин, алардын ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн окуу жайдын ишине катышуусун талап кылынат. Башкаруу ишине байланыштуу кабыл алынган чечимдер ачык жана демократиялык түрдө ар тараптуу талкуулоо, экспертиза процедуралары аркылуу иштелип чыгышы зарыл. Билим берүүнү башкарууну гумандаштыруунун максаты адамдын кадыр-баркын урматтоого, ага ишенүүнү арттырууга, адамдын инсандык рухун көтөрүүгө, өнүктүрүүгө багытталышы керек. |
| Башкаруу иштеринин системалуулугу жана бирдиктүүлүгү | Башкаруу иштеринин системалуу жана бирдиктүү алып барылышы билим берүү уюмунун жетекчисинин жана окуу жайдын коллективинин өз ара байланышта, кызматташууда башкаруу функцияларын аткарууну талап кылат. Бир тараптын гана айтканындай кабыл алынбастан, ар тараптардын кызыкчылыгын, пикирин эске алуу менен чечим кабыл алынышы зарыл**.** |
| Борборлоштурулган жана ар тараптуу бөлүштүрүлгөн (децентрализация) башкаруу принциптердин негизинде методдорун тең салмактуу, рационалдуу пайдалануу | Борборлоштурулган жана ар тараптарга бөлүштүрүлгөн (децентрализация) башкаруу методдорун рационалдуу пайдалануу<br>башкаруу иштерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуунун жана аткаруунун деңгээлин жогорулатуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү |
| Жетекчи менен коллегиалык башкаруунун биримдиги | Жетекчи тарабынан жана коллегиалдык башкарууну айкалыштыруу педагогикалык процесстерди башкаруудагы өзүм билемдик, *авторитардык стилдерди* жок кылууга багытталган. |
| Педагогикалык системаларды башкаруудагы аталган маалыматтардын объективдүүлүгү жана толуктугу | Маалыматтын объективдүүлүгү жана толуктугу – бул түрдөгү башкаруунун натыйжалуулугунун зарыл шарты болуп эсептелет.<br>Башкаруунун натыйжалуулугу негизинен ишенимдүү жана объективтүү маалымат<br>болушу менен аныкталат. |

Изилдөөлөр көрсөткөндөй орто кесиптик окуу жайлардын жетекчилеринин башкаруу стилинин натыйжалуулугун төмөндөгү факторлордун эсебинен

камсыз кылууга боло тургандыгын байкоого болот: башкаруунун инновациялык системасын түзүү, пландаштыруу, уюштуруу, көзөмөлдөө, тартипти жөнгө салууну программалаштыруу, башкаруунун принциптерин эсепке алуу жана талдоо; кызматкерлердин милдеттерин максатка ылайыктуу жана так бөлүштүрүү, алардын конкреттүү иш-чараларын уюштурууга карата жоопкерчилигин белгилөө; башкаруу керек болгон маалыматтардын агымын, анын ичинде иш кагаздарын жүргүзүүнү тартипке келтирүү; коллективде жагымдуу моралдык-психологиялык кырдаалды түзүү.

Иштин бул бөлүмүндө да темага байланыштуу айрым “методология” «модел» түшүнүктөр такталып, билим берүүнү уюштуруунун моделдери, алардын түрлөрү жана аларды Кыргызстандагы орто кесиптик окуу жайда пайдалануунун мисалы да берилди. Мисалы, бирдиктүү функционалдык, коллегиалдык, модулдук моделдердин түрлөрү, формалары каралып, аныктамалар, мүнөздөмөлөр берилди. Ар бир башкаруу ишмердүүлүктүн функцияларын бирдиктүү этаптардан турат: а) педагогикалык талдоо; б) максат, милдеттерди аныктоо жана пландоо; в) ишмердүүлүктү уюштуруу; г) көзөмөлдөө. Жогоруда 1-таблицада педагогикалык системаларды башкаруу принциптеринин кыскача мүнөздөмөлөрү көрсөтүлдү. Ошондой эле азыркы билим берүү уюмдарын башкаруудагы жалпы проблемаларга мүнөздөлөр берилди.

И.Арабаев атындагы КМУнун гуманитардык колледжинде окуу-тарбия процесстин башкаруунун модели түзүлүп, анын жетекчилери үчүн окуу-тарбия процессин башкаруу планы иштелип чыкты. Мисалы, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарларынын башкаруусунун уюуштурууда окутуучулар, физкультура боюнча окутуучу адистер, социалдык педагог, тарбия багытында иштерге жооптуулар, студенттик кеңеш, группалардын активисттери, лидерлери, студенттик өзүн өзү башкаруу, волонтердик кыймыл, илимий ишмердүүлүк сыяктуу багыттар каралган.

Окуу-тарбия процессин башкарууну моделдештирүү төмөнкү этаптарды камтыды: 1) башкаруу - талдоо (анализ), план түзүү, уюштуруу, шыктандыруу, жетекчилик тарабынан окуу-тарбия процессин көзөмөлгө алуу ж.б.; 2) башталышында окуу-тарбия иштеринин максат-милдеттери; 3) окуу-тарбия иштеринин жыйынтыгы; 4) окуу-тарбия процесстерди ишке ашыруучу ресурстары, механизмдери.

Ошондой эле орто кесиптик окуу жайларда стратегиялык уюштуруу же ишмердүүлүктүн стратегиялык иштердин планынын болушу жана алардын приоритеттик абалда турушу, ага жетүүчү ресурстардын болушу, стратегиялык максаттарга жетүү үчүн атайын иш-чаралардын түзүлүшү да зор мааниге ээ. Стратегиянын башкы максаты орто кесиптик окуу жайдын окуу-тарбия процессин башкаруу ишин азыркы абалдан чыгарып, келечекте коюлган максатка жеткирүүдө болуп эсептелет.

Жалпылап айтканда, окуу-тарбия процессин башкарууну моделдештирүүдө окуу-тарбия процессин башкаруу моделинин схемасы; окуу-тарбия процессин уюуштуруу структурасы; окуу-тарбия иш багыттары, пландары, окуу-тарбия процессин жетектөөчүлөрдүн башкаруу структуралары жана алардын функциялары; стратегиялык башкаруу иштерин уюштуруу багыттары

камтылышы зарыл.

Бир катар орто окуу жайларында каралган багыттагы моделди апробация кылууда окуу-тарбия иштерин натыйжалуу башкаруу орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында окуу-тарбия процессин жетектөөдө функционалдык милдеттерди аткарууга, ресурстарды максатка ылайыктуу пайдаланууга жана коюлган максат-милдеттерди аныктап, аларга жетүү ишмердүүлүгүнө жана анын уюштурулушуна жараша болоору аныкталды.

Мындай максат-милдеттерге жетүүдө автордун ишениминде окуу жайдын терең иштелип чыккан планынын болушунун мааниси чоң. Жетекчилик үчүн пландын болушу жана анын жыйынтыктарына болгон көзөмөл башкаруу моделиндеги функционалдык милдеттерди, кызматтарды бөлүштүрүүдө туура багытта иш жасоого, коррекциялоо иштерин так аткарууга да мүмкүндүк берет.

**Үчүнчү глава “Орто кесиптик кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү”** изилдөөнүн үчүнчү милдетин чечүүгө багытталган, анда калыптандыруунун уюштурууучулук-педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү берилген. Орто кесиптик билим берүү окуу-тарбия процессин башкаруу системасына байланыштуу эксперименталдык изилдөөнүн маалыматтары, эксперименттин натыйжалары, корутундулары, практикалык сунуштары каралат жана проблеманы андан ары изилдөөнүн келечегин белгиленет.

Педагогикалык эксперимент бир нече этап менен ишке ашырылды:

1-этап: 2020-жыл. Бул этапта изилдөөчү тарабынан проблемага байланыштуу илимий-методикалык, дидактикалык, окуу-методикалык булактарды, материалдарды, авторефераттарды, диссертацияларды талдоо, аларды системалуу бир багытка келтирүү, ошондой эле алардан алынган маалыматтарды педагогикалык багытта билим алып жатышкан студенттерди окутуу процессинде колдонуу ишке ашырылды.

2-этапта (2020-2021-жылдары) изилдөөчү тарабынан проблеманын илимий-теориялык негиздери аныкталып, ага ылайык расмий укуктук-нормативдик актылар, документтер, программалар, методикалык материалдар, илимий эмгектер, макалалар топтолду жана талданды. Темага ылайык максаттуу багытта изилдөө жүргүзүү менен ага ылайык методикалык комплексин түзүү иштери башталды. Бул мезгилде изилдөөчү эксперимент улантылды.

3-этапта (2021-2023-жылдар) изилдөө иштери жыйынтыкталды, илимий макалалар, методикалык көрсөтмөлөр жарык көрдү, апробациядан өткөрүлдү, изилдөөнүн илимий божомолун тастыктаган педагогикалык эксперимент жүргүзүлүп, анын көрсөткүчтөрү атайын методдорду колдонуу менен корутундуланды, жыйналган материалдар такталып, жыйынтыктар талдоого алынды.

Окуу процессин башкаруу системасынын жаңыланышы бир катар негизги кичи системаларга өзгөртүү киргизүүнү талап кылат: окуу процессин уюштуруу, адисти даярдоо процессин башкаруу, педагогикалык заманбап билим берүүнү киргизүүчү жана ишке ашыруу маселелерин чечүүчү педагогикалык кичи система, технологиялар; илимий кичи система - илимий изилдөөлөрдү, иштеп

чыгууларды жана аларды натыйжалуу ишке ашырууну уюштуруу жана башкаруу; социалдык-экономикалык кичи система - билим берүү уюмунун чарбалык ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүнү уюштуруу; административдик кичисистема - башкаруу чечимдерин иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, билим берүү уюмунун башкарууну, кичисистемалардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу. Жалпысынан, орто кесиптик билим берүү уюмдарын ар тараптуу модернизациялоо иштеринин натыйжалуу болушу орто кесиптик билим берүү уюмунда окуу процессин башкаруу процессинин жалпы концептуалдык моделин түзүү менен тыгыз байланышта десек жаңылбайбыз. Анын (моделин түзүүнүн) жолдорун изилдөө жогоруда каралган теориялык-методологиялык базага таянуу менен ишке ашырылат жана андагы негизги багыттарды, талаптарды, идеяларды өзүнө камтыйт.

Каралып жаткан багыттардын, модель, шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча эксперименталдык иштер: ЭаКУ КОБББ, МФК, И.Арабаев ат. КМУ Г-ПК, ЭаМ-ИУ КОБББ жүргүзүлдү. И.Арабаев атындагы КМУнун гуманитардык-педагогикалык колледжинин базасында өткөрүлгөн экспериментте автор тарабынан сунушталган окуу-тарбия иштери боюнча план апробациядан өтүп, аны ишке ашырууга жана жыйынтыгын чыгарууга 50гө жакын жетекчи жана педагогикалык кадрлар катышты. Диагностикалык жана көзөмөл этаптарында да ошол эле адамдар, директор жана орун басарлары катышты.

Аныктоочу экспериментте башкаруу иштерине аралашуудагы активдүүлүгүнүн калыптанышындагы типтүү кемчиликтер айкындалды. Мисалы, окутуучу, студенттердин башкаруу иштерине аралашуусун камсыз кылган институционализация процессинин солгундугу, аларды бул ишке тартууда мотивациялык финансылык ресурстардын жетишсиздиги, ушул максатта аны ар маселени тараптан анализге алып иштелип чыккан, деталдаштарылган пландын зарылдыгы сыяктуу маселелерди бөлүп көрсөтүүгө болот.

Педагогикалык практикадагы бул маселени изилдөө үчүн документ анализи, интервью, анкета, студенттердин ишмердүүлүгүнө, окутуучулардын интерактивдүү методдорду колдонуу практикасына байкоо жүргүзүү, өзүн-өзү баалоо методдору колдонулду. Топтолгон материалдар көрсөткөндөй педагогикалык окуу жайындагы педагогикалык билим берүүнүн максаты - бүтүрүүчүлөрдүн инсан катары калыптанып, мугалим статусунда ишмердүүлүгүн, кесиптик даярдыгын өнүктүрүүсү, турмушта адис катары өзүнүн ордун таап, өзүн актуалдаштыруусу, жашоодо келечекке максат коюп, аны пландуу ишке ашыруусуна өбөлгө болуу менен байланышкан.

Педагогикалык колледждин билим берүү чөйрөсүндө, биринчи кезекте, адамдын укугу, милдеттери, баалуулуктары, анын инсандык жашоосунун руханий мааниси, жашоо-турмуш, иш-аракетинин жана жүрүм-турумунун мотивациясы, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүгү, жашоо-турмуштун жаман-жакшылыгын түшүнүп билген эстүүлүгү, башка адамдар менен өз ара мамиле кыла билүүсү башкы орунда тураары белгилүү.

***Таблица 2. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу процессин башкаруунун системасынын көрсөткүчтөрү ж-а критерийлери***

| Негизги критерий | Айрым | Көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун калыптанышы | Башкаруунун натыйжасы | Башкаруу ишин баалоо |
| | | Башкаруу стили |
| | | Кызматкерлердин канааттандыгы |
| | | Өз ара карым-катнаштын маданий денгээли |
| | Окуу процессин уюштуруу | Окуу процессинин уюштурулушун эксперттик баа берүүнүн негизинде баалоо |
| | | Объективдүү натыйжалар |
| | Коллек-тивдеги өз ара карым- | Коммуникациялык байланыштар |
| | | Коллективдеги психологиялык абал |

Педагогикалык колледжди башкаруунун башкы айырмачылыгы катары уюштуруучулук-структуралык иштер менен катар эле башкаруу иш-аракеттеринин мазмунун аныктоо сыяктуу концептуалдык иш жүргүзүү, колледждин ишмердүүлүгүндө колледж үчүн максат-багыттары каралды жана максат-милдеттери менен байланыштыруу маанилүү экендиги иште белгиленди.

Диагностикалык этаптын жыйынтыктары окуу-тарбия процессин башкаруунун концептуалдык структуралык моделинин сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүндүк берди. Эксперименталдык иштин жүрүшүндө башкаруу структурасын жана окуу-тарбия процессин пландоонун бир катар варианттары сунушталды. Мындай системалуу-максаттуу ишмердүүлүктүн артыкчылыктары белгиленди жана алар окуу-тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгууда пайдаланылды.

***Таблица 3. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык уюштуруу системасын калыптандыруунун натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыктары.***

| **Негизги кри-терий** | **Айрым критерийлер** | **Көрсөткүчтөр** | | **Көрсөткүчтөр саны 2020-ж.** | | **Көрсөткүчтөр саны 2023-ж.** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын калыптанышы | Башкаруунун атыйжалуулугу | Башкаруу ишмердүүлүгүн алоо | | 6,9 | | 7,35 | |
| | | Башкаруу стили | Ишке ориентация | 7,0 | 6,5 | 7,3 | 6, 75 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Адамдарга ориентация | 6,0 | 6,2 |
| | | Колледжеги иштин кызыктуулугу | 8,5 | 9 |
| | | Кызматкерлердин ыраазычылыгы | 7,0 | 7,5 |
| | | Персоналдын мотивациясы | 6,4 | 6,9 |
| | | Кызматкерлер менен жетекчилердин Мамилеси | 7,8 | 8,2 |
| | | Уюштуруу маданияты | 7,02 | 7, 46 |
| | Окуу процесин уюштуруу | Эксперттик баа берүү | 7,02 | 7,8 |
| | | Объективдүү жыйынтыктар | 6,9 | 8 |
| | Коллективдеги карым- катнаш | Коммуникация | 7,5 | 7,65 |
| | | Өз ара катнаш деңгээли | 8,5 | 8,6 |
| | | Психологиялык абал | 6,9 | 7 |
| | | Натыйжалуулуктун жалпыланган Көрсөткүчү | 7,34 | 7,68 |

Эксперименттин изденүүчү этабы акыркы 2022-2023-жылдары жүргүзүлдү. Окуу-тарбия процессин башкаруу системасын калыптандыруу деңгээлинин өзгөрүшүнүн мурдагы жана кийинки көрсөткүчтөрүн салыштыруу, тактоо менен изилдөөнүн натыйжалуулугун текшерүү, изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылоо жана иштеп чыгуу, теориялык корутундуларды жана практикалык сунуштарды тактоо, илимий корутундуларды окуу методикалык каражаттарда, илимий макалаларда, лекция, жыйындарда апробациядан өткөрүү иштери жүргүзүлдү. Атайын усулдардын жардамы менен изилденип алынган сан түрүндөгү көрсөткүчкөр окуу-тарбия процессин башкаруу системасын калыптандыруунун натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыгы катары каралды. Жыйынтыгы төмөнкү таблицаларда берилди.

Калыптандыруучу педагогикалык экспериментте, орто кесиптик окуу жайларда окуу-тарбия иштерин башкаруу системасынын модели сунушталды. Бул изилдөөдө ар кандай деңгээлдеги окуу жайлардын жетекчилери катышты. Эксперименталдык орто кесиптик окуу жай катары аныкталган И.Арабаев атындагы КМУнун гуманитардык-педагогикалык колледжинде (КМУГПК). Мета университетинин колледжи жана Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө (ЭАКУ ОКБББ) изилдөөлөр жүргүзүлдү. 2020-2023-жылдардагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгында атайын иштелип чыккан моделдин негизинде орто окуу жайдагы окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжаларынын көрсөткүчтөрү алынды.

***Таблица 4. Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугун баалоо (2021 ж.)***

| № п/п | Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугунун баалоо көрсөткүчтөрү | ЭАКУ ОКБ ББ | И.Арабаев атындагы КМУГПК |
|---|---|---|---|
| 1 | Кадрларды же кесипке даярдоонун сапатын баалоо | 0,91 | 0,92 |
| 2 | Окуу-тарбия процессинин ишмердүүлүгүн баалоо | 0,88 | 0,87 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Бүтүрүүчүлөрдүн дене тарбиялык  даярдыгын  баалоо | 0,87 | 0,86 |
| 4 | Иш берүүчүлөрдүн билим берүүгө болгон талаптарын, Муктаждыктарын камсыз кылуусун баалоо | 0,90 | 0,91 |
| 5 | Педагогикалык коллективдин инновациялык потенциалын баалоо | 0,79 | 0,79 |
| 6 | Өнүгүү стратегиясынын багыттарынын, талапка Ылайык аткарылышы | 0,83 | 0,84 |
| 7 | Педагогикалык коллективдин санариптик өнүгүү деңгээли баалоо | 0,85 | 0,87 |
| | **Жалпы көрсөткүч** | 0,86 | 0,87 |

***Таблица 5. Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугун баалоо (2023 ж.)***

| **№ п/п** | **Окуу-тарбия иштерин башкаруунун натыйжалуулугунун баалоо көрсөткүчтөрү** | **ЭаКУ ОКББ** | **И.Арабаев атындагы КМУГ-ПК** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кадрларды баалоо | 0,91 | 0,93 |
| 2 | Окуу-тарбия процессинин ишмердүүлүгүн баалоо | 0,88 | 0,90 |
| 3 | Физикалык  даярдыкты  баалоо | 0,89 | 0,89 |
| 4 | Калктын билим берүүгө болгон талаптарын, муктаждыктарын  баалоо | 0,91 | 0,92 |
| 5 | Педагогикалык коллективдин инновациялык потенциалын  баалоо | 0,76 | 0,80 |
| 6 | Өнүгүү стратегиясынын негизделиши, талапка ылайыктыгы | 0,88 | 0,88 |
| 7 | Педагогикалык коллективдин өнүгүү деңгээлин баалоо | 0,76 | 0,85 |
| | **Жалпы көрсөткүч** | 0,85 | 0,88 |

Иште, ошондой эле окуу жана тарбия процесстерин уюштурууда кадр саясаты менен аны башкаруунун негизги шарттарына көңүл бөлүндү.

***1-сүрөт***




Эскертүү: Ар бир категориялардын аралыгы эки жыл. (б.а. 2016-2018-2020-2022-жж)

Анализ көрсөткөндөй кадр саясаты методологиялык, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, укуктук жана башка проблемалары жана аларды чечүү менен тыгыз байланышта.

Орто кесиптик билим берүү жаатындагы окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу жана жалпы эле орто кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресурстардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологиялык колдоо, логистика жана башка шарттарга көз каранды абалда экени белгилүү.

1. Республикада орто кесиптик окуу жайларды өнүктүрүү жана башкаруу иштерин жакшыртуу үчүн укуктук-нормативдик базаны түзүү жана алардын билим берүү негиздерин аныктоо.

2. Орто кесиптик окуу жайлардын ишин башкаруу, пландаштыруу, контролдоо жана баалоо боюнча бирдиктүү борбор түзүү зарылчылыгы бар (уюмдар аралык).

Жогоруда айтылгандай билим берүү уюмдарын башкарууда көптөгөн багыттарга көз карандылыгын жана билим берүү сапатынын ар кандай шарттарга жана ресурстарга функционалдык көз карандылыгы 2 сүрөттө берилди.

**2 сүрөт**




Орто кесиптик билим берүү уюмдарине жүргүзүлгөн реформалардын багыттары катары төмөнкү шарттар каралды.

Жалпысынан эле реформалык иштер тийгизген таасиринин деңгээли аныктоо максатында жетекчилерден жана бөлүм башчылардын арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.

***Таблица 6. Орто кесиптик билим берүү уюмдарине реформалык өзгөрүүлөрдүн тийгизген таасири***

| К № | Таасири | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2017** | **2019** | **2021** | **2023** | **Орточо** |
| 1. | Жакшы | 55.3 | 57.3 | 61.6 | 58.9 | 58,28 % |
| 2. | Орто | 22.7 | 26.5 | 19.0 | 21.7 | 22,47 % |
| 3. | Начар | 9.1 | 8.0 | 9.6 | 9.1 | 8,95 % |
| 4. | Жоопсуз | 12.9 | 8.2 | 9.8 | 10.3 | 10,3 % |
| **Жалпысы:** | | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % |

Таблицадан көрүнүп тургандай, бөлүмдөрдүн жетекчилеринин оң таасири жөнүндө пикири азайып, ошол эле учурда жооп берүүгө кыйын болгон респонденттердин саны көбөйүүдө. Демек педагогикалык кеңешинин мурдагы түзүмүн, ишинин формаларын жана мазмунун кайра карап чыгуу керек.

Орто кесиптик билим берүүнү реформалоо зарылдыгын аныктоо үчүн эксперименталдык иштердин алгачкы этабында биз сурамжылоо жүргүздүк, ага 354 адам катышты.

Таблица 7. Сурамжылоонун натыйжалары.

| № | Категория | Бардыгы | Реформа үчүн | Калыс калды | Каршы | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутуучулар | 68 | 55 (81,4) | 11 (16.1) | 2 (2,5) | 100 % |
| 2 | Студенттер | 231 | 210 (90,7) | 18 (7,9) | 3 (1,4) | 100 % |
| 3 | Бүтүрүүчүлөр | 35 | 33 (94.0) | 1 (3,0) | 1 (3,0) | 100 % |
| 4 | Иш берүүчүлөр | 20 | 18 (91,5) | 2 (8,5) | 0 ( 0 ) | 100 % |
| | | 354 | 316 (89,2) | 32 (9,0) | 6 (1,8) | 100 % |

Таблицадан көрүнүп тургандай, респонденттердин басымдуу көпчүлүгү орто кесиптик билим берүү тармагын реформалоону жакташат: бүтүрүүчүлөр - 94,0%, иш берүүчүлөр - 91,5%, студенттер - 90,7% жана мугалимдер - 81,4%. Калыс калгандардын арасында эң консерваторлор мугалимдер болду, алардын ичинен 16,1% түз жооп берүүдөн карманышты. Респонденттердин аз бөлүгү реформага каршы чыгышкан - болгону 6 адам, бул жалпы сандын 1,8%ын түздү. Тилекке каршы, билим берүүнүн сапатына тигил же бул фактордун таасиринин деңгээлин бардыгы эле, анын ичинде бөлүмдөрдүн башчылары, структуралардын жетекчилери да так түшүнө бербейт.

Өзгөрүлүп жаткан кырдаалдарда реформалардын багытына ылайык орто кесиптик окуу жайларда структуралык жана функционалдык жаңылануулар жүрүүдө. Аларды жалпылоо менен орто кесиптик билим берүү уюмунун башкаруусунун төмөндөгүдөй түзүмү (структурасы) сунушталды.

Мындай типтеги структура көптөгөн колледж, орто кесиптик окуу жайларда, анын ичинде биз эмгектенген Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө, Эл аралык медициналык университеттин медициналык-фармацевтикалык колледжинде, И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин колледжинде жана Эл аралык Мета-Илим университетинин ОКББ бөлүмүндө ийгиликтүү иштеп жатат.

**3-сүрөт**

**Орто кесиптик билим берүү уюмунун башкаруусунун**
**т ү з ү м ү**




Мындай түзүм, албетте, орто кесиптик окуу жайдын студенттерине билим берүү жана окуу-тарбия иштерин уюштуруу үчүн туруктуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган калыптанган система түрүндө иштеши зарыл.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия берүү процесстерин натыйжалуу башкаруу окуу жайдын ичиндеги көзөмөл\контролду уюштуруу жана өз алдынча текшерүү функцияларын ишке ашыруу менен тыгыз байланышта. Мындай шарттар адистерди даярдоонун сапатын башкаруу системасында контролдун ролун олуттуу жогорулатат, мында билим берүүнүн сапатынкөтөрүү өзгөчө мааниге ээ болот. Орто кесиптик билим берүү окуу-тарбия берүү процесстерин натыйжалуу башкаруу бөлүмүнүн ичиндеги көзөмөл\контролдун жалпы классификациясын 4-сүрөттө чагылдырууга болот. Анда биз иштеп чыккан орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн ичиндеги көзөмөл\контролдун классификациясынын өзгөчөлүктөрү каралды.

**4-сүрөт**




Учурда, мындай текшерүүнүн татаалдыгы окуу процессине баа берүүнүн жана көзөмөл\контролдун деңгээлин аныктоонун илимий жактан негизделген критерийлеринин системасынын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Иште орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн ишинин сапатына оң жана терс таасирин тийгизген факторлор, ички көзөмөл\контролдун негизги талаптары бөлүп көрсөтүлдү.

Орто кесиптик окуу уюмдарин жана анда жүрүп жаткан окуу-тарбия процесстерин мамлекет тарабынан жөнгө салуунун механизми катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мамлекеттик жол-жоболордун белгиленген ал демократиялык мүнөздөгү билим берүү саясатын жана лицензиялоо,

сертификациялоо жана аккредитация сыяктуу иштерин кароого болот.

**5-сүрөт**




Ошондой эле педагогикалык кеңешинин түзүмүнүн иштеп чыккан моделинин натыйжалуулугун аныктоо боюнча эксперименталдык иштер жүргүзүлдү. Сурамжылоо кеңештин мүчөлөрүнүн арасында анкета түрүндө экспериментке чейин жана андан кийин өзүнчө жүргүзүлдү. Сурамжылоого жалпысынан 110 адам катышкан. Орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрү боюнча орточо балл 8-таблицада келтирилген.

***Таблица 8. Педагогикалык кеңештеринин ишмердүүлүгүнө баа берүү***

| К № | ОКБББ | Экспериментке чейин | | | Эксперименттен кийин | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Учурдагы** | **Актуалдуулугу** | **Аткарылышы** | **Учурдагы** | **Актуалдуулугу** | **Аткарылышы** |
| 1 | ЭАКУ | 5.9 | 4.7 | 5.5 | 6.3 | 6.9 | 6.8 |
| 2 | МФК | 4.7 | 4.2 | 4.9 | 8.2 | 7.1 | 7.1 |
| 3 | И.А.КМУГПК | 4.8 | 5.6 | 5.8 | 6.9 | 7.7 | 7.3 |
| 4 | ЭАМ-ИУ | - | - | - | 6.7 | 7.3 | 6.8 |
| | Орт. Упайлар | 4.9 | 5.05 | 5.18 | 6.58 | 6.9 | 6.74 |

8-таблицадан көрүнүп тургандай, кабыл алынган чечимдердин сапаты - 1,68 пунктка бир аз жакшырганы байкалууда. Педагогикалык кеңешинин алдындагы иштин жаңы формасы орто эсеп менен -1,85 баллга көтөрүлгөн маселелердин актуалдуулугун жогорулатууга жардам берет. Чечимдердин аткарылышы сыяктуу көрсөткүчтө -1,56 пунктта байкаларлык жогорулоого жетишилген. Буга күн тартибин талкуулоодо коллегиялуулуктун, комиссиянын мүчөлөрүнүн профессионалдык деңгээлин жогорулатуунун жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролдукту күчөтүүнүн натыйжасында жетишилди.

Иште, ошондой эле эмгек рыногундагы иш берүүчүлөргө сурамжылоо жүргүзүлдү. Анын натыйжалары төмөнкү диаграммаларда көрсөтүлдү.

***6-сүрөт.***




Социалдык өнөктөш катарында катышкан иш берүүчүлөрдөн сурамжылоо жүргүзгөндө адистерди даярдоонун эң негизги маанилүү компоненттери болуп төмөнкүлөр саналган: тартип, тырышчаактык; кесиптик жабдуулар жана башка жабдуулар менен иштөө боюнча көндүмдөрү; коммуникация көндүмдөрү, адамдар менен тил табыша билүүсү; эмгектин натыйжалары үчүн коомдук жоопкерчилик; кесиптик жана жеке өсүүнү каалоосу.

***7-сүрөт***




Ушул багытта студенттер менен иштөө, окутуучулардын ишмердүүлүгүнүн жаңы талаптарга жооп берүүсү зор мааниге ээ болууда. Студенттердин өз алдынча башкаруу ишин жөнгө салуу менен окуу-тарбия процесстерин башкаруу иштерине аралашуусу, орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүндө тышкы жана ички ченемдик документтерди жаңы талаптарга ылайык окуу материалдарды иштеп чыгуусу азыркы учурда ар бир окуу жай үчүн зарыл ишке айланды. Студенттерди сурамжылоонун жыйынтыктары жана орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн студенттеринин өзүн-өзү башкаруусунун структурасы такталып,

диссертациялык иште схемасы берилди.

*Таблица 9. Студенттерден сурамжылоонун жыйынтыгы*

| К / № | Окуу жылдары | Студенттик сурамжылоонун жыйынтыгы (максималдуу балл - 26%) | Сурамжылоого катышкан студенттердин саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018 | 24,2 балл - 93,2% | 28 |
| 2 | 2018-2019 | 25,0 балл - 95,5% | 87 |
| 3 | 2019-2020 | 25,1 балл - 95,4% | 194 |
| 4 | 2020-2021 | 25,10 балл - 94,5% | 255 |
| 5 | 2021-2023 | 25,2 балл - 94,2% | 312 |

Ошентип, эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы алынган көрсөткүчтөрү орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү. Ошентип, эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы алынган көрсөткүчтөрү орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү.

Ошону менен бирге эле диссертациялык иштин жүрүшүндө алдыңкы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим берүү уюмунун башкаруу моделин ишке ашыруу үчүн Мета-илимий университетинин, И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин жана бир катар колледждердин орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен атайын иш-чаралардын өткөрүлдү. Натыйжасында педагогикалык процессти башкарууда маалыматтык-коммуникация технологияларын (МКТ) натыйжалуу пайдалануу үчүн билим берүү уюмунда бир катар шарттарды түзүү сунушталды: компьютерлер локалдык тармакка жана Интернетке туташтырылышы; билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук базасы электрондук системалаштыруу, веб-сайтка киргизүү, электрондук документ жүгүртүүнү ишке киргизүү, жаңы платформаларды иштеп чыгуу, окуу процессинин бардык катышуучулара арналган маалымат базасын түзүү, жаңыртуу, билим берүү процессинин сапатына мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, методикалык басылмаларды чыгаруу сыяктуу чараларды ишке ашыруу зарыл.

Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжиндеги билим берүү жана тарбия процессин башкаруу боюнча илимий иштин алкагында "Күндөлүк" веб-приложениесин сунуштайбыз. Бул заманбап маалыматтык-коммуникация технологияларынын ыңгайлуу куралы болуп, билим берүү процессин башкарууда чоң жардам берет.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн илимий-методикалык изилдөө төмөндөгүдөй жалпы корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди.

Окуу-тарбия процессин башкаруу төмөндөгү шарттарда натыйжа берет: - инсандык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлорду аныктоонун жана эске алуунун негизинде билим берүү процессин системалуу уюштуруу; - окуу-тарбия процессинин анын бардык субъекттерин камтыган биргелешип башкаруу принцибине негизделиши; - окуу-тарбия процессине жана аны башкарууга алардын биргелешкен чыгармачылык ишинин негизинде окутуунун жана тарбиялоонун субъекттеринин максималдуу санын киргизүү; - башкаруу процессинин реалдуу максаттарына да, анын акыркы натыйжасына да - билим берүү уюмунун максаттарына жетүүсүнө негизделген критерийлер боюнча башкаруу процессинин натыйжалуулугун баалоо; - орто кесиптик окуу жайдагы сапат системасынын жана анын айрым элементтеринин натыйжалуулугун аныктоонун тартиби (ички педагогикалык аудит - өзүн өзү аттестациялоо); - орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия иштеринин сапаттуулугун арттыруу үчүн менеджмент системасындагы квалиметрикалык методдор жана жол-жоболордун (мониторинг) практикалык иште пайдаланылышы; - студенттерди орто жана жыйынтыктоочу аттестациялоонун жол-жоболорунун жогорку деңгээлде иштелип чыгышы, тактыгы, колдонулушу жана көзөлмөлдөнүлүшү; - кадрдык жана методикалык иштин, жол-жоболордун жогорку деңгээлде иштелип чыгышы, тактыгы, колдонулушу жана көзөлмөлдөнүлүшү (аттестациялоо, квалификацияны жогорулатуу ж.б.).

Башкаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо маселеси ушул максатта эл аралык деңгээлде атайын иштелип чыккан системага ISO 9001:2015 жана эл аралык сапат стандарттарында ишке ашырылган TQM – Total Quality Management (Total Quality Management) концепциясынын негизинде иштелип чыккан критерийлер жана буларды негиздеп турган илимий парадигманын актуалдуулугу аныкталды. Билим берүү жана тарбия иштеринин сапатын мындай системалуу башкаруу - бул билим берүү тармагындагы башкаруунун жаңы парадигмасы катары каралып, окуу-тарбия иштерин башкаруу ишмердүүлүгүнүн ушул парадигманын алкагында калыптануусу башкы педагогикалык шарттардын бири катары каралды.

Орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессинин башкарууда маалыматтык технологияларды жана компьютердик программаларды пайдалануунун тажырыйбасы көрсөткөндөй, алар аркылуу педагогикалык системаны автоматташтыруу (техникалык жана программалык каражаттар) орто кесиптик окуу жайдын окуу-тарбия процессин натыйжалуу башкаруунун абдан келечектүү багыттарынын бири болуп саналат. Окуу-тарбия процессинин башкарууда интернетти, компьютердик программаларды натыйжалуу пайдалануу үчүн аларды колдонууну рационалдаштыруунун жана бул ишти уюштуруунун натыйжалуулугун аныктаган критерийлерин иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели гуманисттик, демократиялык, илимий, системалык,

оптималдуулук, ийкемдүүлүк принциптеринин негизинде түзүлөт жана аны ишке киргизүү төмөнкү педагогикалык шарттарды, багыттарды камтыйт: орто кесиптик окуу жайдын өнүгүү стратегиясынын, башкаруу ишинде жана педагогдордун ишмердүүлүгүн (практикалык жана илимий изилдөө) уюштурууда демократиялык иш алып баруу стилинин болушу, өнүгүү максаттарын, милдеттерин так аныктоо, аларды ишке ашыруу үчүн илимий-методикалык, кадр-адистер боюнча, материалдык-техникалык, каржылоо, укуктук-нормативдик ж.б. тармактардын иштеши; окуу-тарбия структуралык кызматтарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү (мазмуну, кесиптик багыттары, окуу формасы жана түрлөрү, окуу-тарбия боюнча структуралык бөлүмдөрдүн орун алышы, саны, сапаты ж.б.); өнүгүүнү камсыз кылган жаңыланган башкаруу технологиясы, стиль, метод, формаларынын пайдаланылышы; орто кесиптик окуу жайдын статусу ж.б.

Орто кесиптик окуу жайдагы сапат системасын ишке ашырууда ар бир процедура менеджерлер жана аткаруучулар тарабынан кылдат изилденүүгө, документтештирилүүгө жана иштеп чыгууга тийиш. Бул жагынан иштелип чыккан жоболор жана программалар негизги мааниге ээ.

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процесстерин башкаруунун көптөгөн катышуучуларынын күч-аракетин бириктирип, билим берүүнүн, тарбиянын сапатынын бардык жактары боюнча иш алып баруу гана натыйжа берет. Нормативдик документтерге жана негизги башкаруу функцияларына ылайык иш жүргүзүлөт, бирок уюштуруу структурасында карама-каршылыктар аныкталбаса жана атайын модель аркылуу аталган багыттагы ишмердүүлүк жаңыланып турбаса, анда бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келет.

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугу педагогикалык шарттарды түзүү жана ишке ашыруу менен камсыз кылынат: а) окуу-тарбия процессинин инсандык-гуманисттик багытынын калыптанышы; б) окуу-тарбия процессине жаны технологияларды, методдорду киргизүү; в) окуу жайдын педагогдорунун илимий жактан өсүшүнө өбөлгө түзүү; г) окуу жайдын башкаруу структураларынын өнүгүүнү максаттаган илимий-педагогикалык моделге ылайык милдет, тапшырма, пландарды аткарууга баш ийип, багыт алышы; д) окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн тенденцияларын педагогикалык-уюштуруу парадигмасынын негизинде кароо ж.б.

## Практикалык сунуштар

Жүргүзүлгөн педагогикалык изилдөөлөр төмөнкү практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берди:

-орто окуу жайлардын башкаруу кадрларын даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бир нече авторлор (автордун катышуусунда) тарабынан иштелип чыккан концептуалдык моделге ылайык окуу-тарбия иштери жана аларды башкаруу боюнча план, курс, методикалык каражаттарды практикада пайдаланууга киргизүү;

-тема боюнча каралган теориялык негиздүү багыттарды, иштелип чыккан сунуштарды план, программа түрүндө ишке ашыруу, окуу-методологиялык каражаттарды пайдалануу, окуу курстарын өтүү;

-орто кесиптик билим берүү окуу жайындагы окуу-тарбия процессин, педагогикалык башкаруу маселелерин илимий практикалык жана теориялык конференцияларда, атайын методологиялык жыйындарда талкууга алуу;

-орто кесиптик билим берүү окуу жайын башкарууда жаңы информациялык технологияларды пайдалануу жана алардын негизинде бирдиктүү билим берүү, маалымат чөйрөсүн түзүү жана билим берүү тармагындагы эл аралык байланыштарды, тажрыйба алмашууларды жогорку деңгээлге көтөрүү.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:**
**Окуу-методикалык колдонмо**

**1. Шатманалиев Б.А.** Возможности и ограничения применения нейросетевых технологий в профессиональном образовании. Учебное методическое пособие для руководителей и педагогов колледжа. – Бишкек 2024. / Шатманалиев Б.А., и др. – 4,75 п.л.

**12. Шатманалиев Б.А.** Орто кесиптик окуу жайындагы окуу-тарбия ишин башкаруу. Окуу методологиялык каражат. – Бишкек 2022. / Шатманалиев Б.А., Толоев М. – 4,5 п.л.

**Илимий макалалар:**

1. **Шатманалиев Б.А.** Орто кесиптик билим берүүнү жаңылантуу жана анын окуу процессин башкаруунун маселеси: теориялык анализ [Текст] / Б.А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек, 2023. № 3-4. 17-25-б.
2. **Шатманалиев Б.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жардамы менен Covid-19 пандемия учурунда орто кесиптик билим берүүдө аралыктан окутуунун иш тажрыйбасы [Текст] / Б.А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек, 2023. № 3-4. 162-168-беттер.
3. **Шатманалиев Б.А.** Медико-фармацевтический колледж в условиях инновационного образования (в соавторстве). Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2.Саратовский источник, Саратов, 2022. С. 242-253.
4. **Шатманалиев Б.А.** Приложения дополненной реальности и их использование в учебном процессе. Сборник науч-х трудов. Саратов, 2023. 377с.
5. **Шатманалиев Б.А.** Кыргызстандагы жана Казахстандагы орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу багыттары [Текст] / Б.А. Шатманалиев // И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Атайын чыгарылышы. “Кыргыз-казак мамилелери: өнүгүү тенденциялары” Эл аралык илимий конференциянын материалдары. 56-62- беттер. Бишкек, 2022.
6. Шатманалиев Б.А. Кесиптик окуу жайлардын тутумунда окуу-тарбия процессин башкаруу тармагындагы эл аралык тажрыйбалар [Текст] / Б.А. Шатманалиев // И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. “Кыргыз-казак мамилелери: өнүгүү тенденциялары” Эл аралык илимий конференциянын материалдары. Атайын чыгарылышы. 62-68-беттер. Бишкек-22

7. Шатманалиев Б.А. Орто кесиптик билим берүүдө КЭР кызматташуунун зарылдыгы [Текст] / Б.А.Шатманалиев / И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. КЭР модернизациалоо тажрыйбасы. ККП 100-жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдары. 73-78- беттер. Бишкек, 2021.

8. Шатманалиев Б.А. КЭР жана КРдагы орто кесиптик окуу жайларынын окуу-тарбия иштеринин багыттары [Текст] / Б.А.Шатманалиев // И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. КЭР модернизациалоо тажрыйбасы. ККП 100 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдары. 67-73- беттер. Бишкек, 2021.

9. **Шатманалиев Б.А.** Оценка эффективности системы управления учебно-воспитательным процессом в среднем специальном учебном учреждении (в соавт-е) [Текст] / Б.А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек. 2021. № 3-4. 37-45-беттер.

10. **Шатманалиев Б.А.** Принципы управленческой деятельности в средних профессиональных учебных учреждениях (в соавторстве) [Текст] / Б.А. Шатманалиев // Журнал АУПКР. Бишкек. 2021. № 4. С. 16-25.

11. **Шатманалиев Б.А.** Маалыматтык коммуникациялык технология-билим берүү уюмдарын башкарууда [Текст] / Б.А. Шатманалиев // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. № 7, 2021., 245-248- беттер.

12. **Шатманалиев Б.А.** Маалыматтык коммуникациялык технологияларын тарбия иштеринде колдонуу [Текст] / Б.А. Шатманалиев //Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. № 7, 2021., 249-253-беттер.

13. **Шатманалиев Б.А.** Билим берүү тармагын маалыматташтыруунун жана санариптештирүүнүн проблемалары [Текст] / Б.А. Шатманалиев // МКУ «Билим жана тарбия», 2021, Бишкек, «Maxprint» басмасы, 11-16-беттер.

14. **Шатманалиев Б.А.** О непрерывном образовании в Кыргызстане. Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2. Саратовский источник, Саратов, 2020-312с

15**. Шатманалиев Б.А.** Управление учебно-воспитательным процессом среднего профессионального образования в цифровом пространстве. Сборник научных трудов. Ч. 1. Саратов, Саратовский источник, 2021. 65-74с.

16. **Шатманалиев Б.А.** Качественная подготовка специалистов - цель начального профессионального образования (в соавторстве).Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2. Саратовский источник, Саратов, 2021, стр. 277-285.

17. **Шатманалиев Б.А.** Проектирование технологии управления и планирование деятельности студентов СПО (в соавторстве). [Текст] / Б.А. Шатманалиев // Современный ученый, Белгород. № 3, 2021, стр. 98-102.

**Шатманалиев Болотбек Амановичтин “Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** орто кесиптик билим берүү, окуу-тарбия процессин башкаруу, колледж, модель, Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү системасы, педагогикалык шарттар.

**Изилдөөнүн объектиси:** орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруу.

**Изилдөөнүн предмети:** орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун уюштуруучулук, педагогикалык шарттарындагы айырмачылыктар.

**Иштин максаты:** орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун арттыруучу, өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттарды, концептуалдык негиздемелерди теориялык жактан изилдеп, эксперименталдык текшерүүгө алуу.

**Изилдөөнүн методдору:** тарыхый, методологиялык анализ, илимий булактарды, орто кесиптик билим берүүнүн абалын педагогикалык жана илимий-теориялык талдоо; моделдештирүү, байкоо, сурамжылоо, сүйлөшүү, тестирлөө, ишмердүүлүктүн формаларын, схемаларын талдоо; педагогикалык тажрыйба жүргүзүү.

**Иштин илимий жаңылыгы**:

1) орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмун, функциялары анализге алынгандыгында, функционалдык баалоо критерийлеринин артыкчылыгы аныкталганында;

2) орто кесиптик окуу жайдагы окуу процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык багыттары, концептуалдык негиздери каралып, өзгөчөлүктөрү, факторлору айкындалгандыгында;

3) орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун модели иштелип чыккандыгында ж.б.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** орто кесиптик окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери, функциялары, субъекттери боюнча методикалык сунуштар, билим берүүнүн педагогикалык шарттары, аларды ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар каралды; колледждин окуу жана тарбия процессин башкаруу модели иштелип чыгып, аны ишке ашыруу функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө инструменттери киргизилди.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Шатманалиева Болотбека Амановича на тему «Педагогические условия управления образовательным процессом в системе среднего профессионального образования» на соискание учёной степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.08 - кандидат педагогических наук по специальности теория и методика профессионального образования**

**Ключевые слова:** среднее профессиональное образование, управление образовательным процессом, колледж, модель, система среднего профессионального образования Кыргызской Республики, педагогические условия.

**Объект исследования:** управление образовательным процессом в системе среднего профессионального образования.

**Предмет исследования:** различия в организационно-педагогических условиях управления образовательным процессом в системе среднего профессионального образования.

**Цель работы:** теоретически изучить и экспериментально проверить педагогические условия и концептуальные обоснования, повышающие эффективность управления образовательным процессом в средней профессиональной школе.

**Методы исследования:** исторический, методологический анализ, педагогический и научно-теоретический анализ научных источников, состояния среднего профессионального образования; моделирование, наблюдение, опрос, беседа, тестирование, анализ форм и схем деятельности; проведение педагогического опыта.

**Научная новизна работы:**

1) анализируются характеристики, содержание, функции управления образовательным процессом в среднем профессиональном училище, определяется приоритет функциональных критериев оценки;

2) рассмотрены теоретические направления, концептуальные основы совершенствования системы управления образовательным процессом в профессиональном вузе, уточнены особенности и факторы;

3) разработана модель управления образовательным процессом в профессиональном вузе и т.д.

**Практическая значимость полученных результатов:** рассмотрены методические предложения по совершенствованию педагогической основы, функций, субъекттов системы управления учебно-воспитательным процессом в средних профессиональных школах, педагогических условий обучения, практические предложения по их реализации; Разработана модель управления образовательно-воспитательным процессом колледжа, внедрены функциональные критерии оценки ее реализации и инструменты диагностического исследования.

## SUMMARY

**dissertation by Shatmanaliev Bolotbek Amanovich on the topic “Pedagogical conditions for managing the educational process in the system of secondary vocational education” for the academic degree of Candidate of Pedagogical Sciences, specialty 13.00.08 - candidate of Pedagogical Sciences, specialty theory and methods of vocational education**

**Key words:** secondary vocational education, management of the educational process, college, model, system of secondary vocational education of the Kyrgyz Republic, pedagogical conditions.

**Object of study:** management of the educational process in the system of secondary vocational education.

**Subject of research:** differences in organizational and pedagogical conditions for managing the educational process in the system of secondary vocational education.

**Purpose of the work:** theoretically study and experimentally test pedagogical conditions and conceptual justifications that increase the efficiency of managing the educational process in a secondary vocational school.

**Research methods:** historical, methodological analysis, pedagogical and scientific-theoretical analysis of scientific sources, the state of secondary vocational education; modeling, observation, questioning, conversation, testing, analysis of forms and patterns of activity; conducting teaching experience.

Scientific novelty of the work:

1) the characteristics, content, and functions of managing the educational process in a secondary vocational school are analyzed, the priority of functional evaluation criteria is determined;

2) theoretical directions and conceptual foundations for improving the educational process management system in a professional university are considered, features and factors are clarified;

3) a model for managing the educational process in a professional university has been developed, etc.

**Practical significance of the results obtained:** methodological proposals for improving the pedagogical basis, functions, subjects of the educational process management system in secondary vocational schools, pedagogical learning conditions, practical proposals for their implementation were considered; A model for managing the educational process of the college has been developed, functional criteria for assessing its implementation and diagnostic research tools have been introduced.